Ош облустук коомдук-саясый гезити

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№4 [16962] ИШЕМБИ, 22/02/2025

## “Ош-сити” долбоору расмий башталды. Эми качан бүтөт?



3-бетте

## ОШ ЭЛ АРАЛЫК АЭРОПОРТУНУН ЖАҢЫ АЭРОБЕКЕТ КОМПЛЕКСИНИН КУРУЛУШУ БАШТАЛДЫ



8-бетте

Самат ДҮМҮРОВ:

## “АДАЛ ИШТЕП, АК КЫЗМАТ КЫЛУУ-БАШКЫ МАКСАТЫМ”



4-бетте

## Айтылуу Ноокат шаары өнүгүү жолунда



8-бетте

## УЛУТТУК БАНК МЫЙЗАМСЫЗ ИШ АЛЫП БАРГАН УЮМДАРДАН ЖАНА ТЕЛЕФОНДУК ШЫЛУУНДАРДАН САК БОЛУУНУ ЭСКЕРТЕТ



5-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Н.Өмүрзакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганда. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 215**
**Нускасы: 1900**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**

| | |
|---|---|
| Кабылдама: | 7–13–34 |
| Жооптуу катчы: | 7–10–02 |
| Жарнак бөлүмү: | 7–11–31 |
| E-mail: | oshjan@mail.ru |

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# "Ош-сити" долбоору расмий башталды. Эми качан бүтөт?

**2025-жылдын 14-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров "Ош-сити" долбоорунун IT-шаарчасынын курулушун баштоо аземине катышты. Бул иш-чарада мамлекет башчысы мезгил кутусун салып, долбоордун расмий башталышын белгиледи. Буга чейин маалым болгондой, аталган долбоор 5 жыл ичинде аяктай турган болууда.**



## "Ош сити" эмне болгон долбоор?




Ош шаардык мэриясынын маалымат кызматы берген маалыматтарга караганда, аталган долбоор буга чейин эле талкууга алынып келген. Демек, "Ош Сити" шаарчасында жалпысынан 12 миңден ашык батир курулуп, анын миңи Мамлекеттик ипотекалык компанияга бериле турган болууда. Турак жай комплексинин эң бийик имараты 24 кабаттуу болуп, заманбап шарттар түзүлөт.

"Аталган акылдуу шаарчасынын курулушу Ош шаарынын 2025-жылга чейинки Башкы планынын алкагында ишке ашырылууда. Бул планда шаардын аймагын кеңейтүү, жаңы кичи райондорду жана өнөр жай-соода борборлорун куруу аркылуу калкты 1 миллион адамга жеткирүү максаты коюлган",-деп айтылат маалыматта.

Ошондой эле, бул долбоордун алкагында 500дөн ашык көп кабаттуу турак жайлар, мектептер, бала бакчалар, ооруканалар, соода борборлору, сейил бактар жана скверлердин курулушу каралган. Жалпысынан 250 миңдей адамды жайгаштыруу пландалууда. Долбоордун жалпы наркы 2 миллиард долларды түзөт.

"Ош ситинин" акылдуу шаар концепциясы заманбап технологияларды колдонуу менен шаар тургундарынын жашоо сапатын жакшыртууга багытталган. Бул концепциянын алкагында санариптик инфраструктура, энергияны үнөмдөөчү системалар, коопсуздук чаралары жана экологиялык таза чөйрө түзүлөт.

Долбоорунун негизги максаты – региондорду туруктуу өнүктүрүү жана заманбап технологияларды колдонуу аркылуу Кыргызстандын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат.

## Долбоордун ишин Президент өзү баштап берди

"Ош сити" акылдуу шаарчасынын курулушуна мезгил кутучасын салып жатып, Президент Садыр Жапаров бул долбоор Ош шаарын соода-экономикалык, маданий-гуманитардык байланыштардын борборуна айлантып, туристтер үчүн жагымдуу аймакка айланта турганына ишеним артаарын белгиледи.


Мамлекет башчысы өз сөзүндө долбоордун негизги максаты – мамлекеттик саясаттын алкагында региондорду туруктуу өнүктүрүү экенин белгиледи. Заманбап ыкмаларды активдүү колдонуу жана массалык турак жай курулушун өнүктүрүү маанилүү аспект. IT-тармагын колдоо аркылуу Кыргызстандын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу аркылуу Ош шаарынын жана жалпы өлкөбүздүн экономикалык, социалдык, технологиялык өнүгүүсүн ылдамдатуу болуп саналат.

"Бул долбоордун аркылуу меймандос жана көп этностуу Ош ынтымак байырлаган баалуулуктары менен катар жалпы түрк дүйнөсүнүн маданий жана материалдык көрөңгөсүн байытып, Улуу Жибек жолунун ири провайдери болуп калат. Шаар соода-экономикалык, маданий-гуманитардык байланыштардын чордонунда дүйнөнүн туш тарабынан агылып кирип-чыккан туристтердин сүйүктүү аймагына айланат. Шаардын инфратүзүмүн жакшыртуу жана ар тараптуу өнүктүрүү Ошту жашоо жана бизнес үчүн кыйла ыңгайлуу кылат. Бул багыттагы кадамдардын негизгилеринин бири – "Ош-сити" долбоору жана анын IT шаарчасы", - деди Садыр Жапаров.

Ал IT шаарчасы – жашоочулар, ишкерлер жана IT-адистер үчүн заманбап инновациялык комплекстин курамы болорун баса белгиледи. Долбоордун алкагында калктын жана бизнестин талаптарына жооп берген заманбап жана ыңгайлуу инфратүзүмдөр - турак-жай, социалдык, коммерциялык жана IT-объектилер курула турганын кошумчалады.

Президент долбоор Ош шаарынын узак мөөнөттүү туруктуу өнүгүшүн камсыз кыла турган маанилүү кадам болуп саналарын баса белгиледи.

Ошентип "Ош-сити" долбоору жана анын IT-шаарчасы Кыргызстандын экономикасын диверсификациялоого жана инновациялык өнүгүүгө багытталган маанилүү кадам болуп саналаары күтүлүүдө. Бул долбоордун ийгиликтүү ишке ашырылышы өлкөнүн эл аралык аренадагы аброюн жогорулатып, инвестициялык жагымдуулугун артат дешет адистер.



## Өлкөдө ушундай эле башка долбоорлор да бар

Кыргызстанда буга чейин дагы бир нече акылдуу шаар долбоорлору сунушталган. Мисалы, Бишкек шаарында "Бишкек Сити" деп аталган көп тармактуу комплекс курулуп жатат. Анда беш жылдыздуу мейманкана, бизнес-борбор жана соода аянттары каралган. Долбоордун баасы 321 миллион АКШ долларын түзөөрү айтылган.

Мындан тышкары, Ысык-Көл облусунда "Асман сити" деген шаар курулушу пландалууда. Бул долбоордун жалпы наркы 20 миллиард доллар деп бааланган жана ал 500 миң кишиге ылайыкталган.

Ал эми "Ош Сити" акылдуу шаарчасынын курулушу Ош шаарынын өнүгүүсүнө чоң салым кошуп, тургундардын жашоо шарттарын жакшыртууга багытталган ири долбоорлордун бири болуп санала турганын белгилешүүдө. Бул сыяктуу долбоорлор Кыргызстандын башка аймактарында да ишке ашырылып, өлкөнүн экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнө өбөлгө түзөөрүнөн үмүттөнүшүүдө.

**А.Каракозуев.**

# ОШ ЭЛ АРАЛЫК АЭРОПОРТУНУН ЖАҢЫ АЭРОБЕКЕТ КОМПЛЕКСИНИН КУРУЛУШУ БАШТАЛДЫ

2025-жылдын 14-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Ош облусуна болгон жумуш сапарынын алкагында, "Ош" эл аралык аэропортунун жаңы аэробекет комплексинин курулушуна расмий түрдө старт берип, мезгил кутусун салды. Өз сөзүндө Президент бул иш-чара Кыргызстандын түштүк аймагындагы авиация инфраструктурасын өнүктүрүүдө маанилүү кадам болуп санала турганын белгиледи.





Акыркы жылдардагы авиация тармагындагы жетишкендиктерге токтолгон Президент Садыр Жапаров, буга чейин "Каракол" эл аралык аэропорту жана "Талас" аэропорту ишке киргизилип, "Жалал-Абад", "Караван", "Казарман" жана "Баткен" аэропортторунда учуп-конуу тилкелери капиталдык ремонттон өткөрүлгөнүн айтты. Ошондой эле, "Ысык-Көл" эл аралык аэропорту менен "Нарын" аэропортун оңдоп-түзөө иштери жүрүп жатканын, ал эми Жалал-Абад шаарында жаңы аэропорттун курулушу башталганы белгиленди. Андан сырткары мамлекеттик учак паркы эки Bombardier Dash-8-400 аба кемеси менен толукталып, быйыл дагы эки жаңы учак сатып алуу пландалып жатканын жарыя кылды.

"2021-2024-жылдар ичинде аэропорттордо тейленген ички жана тышкы аба каттамдарында жүргүнчүлөрдүн агымынын туруктуу өсүү динамикасы дээрлик 47%ды түздү. Жүргүнчүлөрдүн саны 3,9 млн.дон 5,8 млн.го чейин көбөйдү. Жаңы аэробекет комплекси, буюрса, аэропорттон саатына 900 жүргүнчүнүн учуп-конуусун тейлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болот",- деди Жапаров.



Жаңы аэробекет комплекси эки кабаттан жана жер төлөдөн туруп, жалпы аянты 25 443 чарчы метрди түзөт. Анын өткөрүү мүмкүнчүлүгү жылына 5 миллиондон ашык жүргүнчүнү тейлөөгө жетишет. Терминалдын долбоорунда жүргүнчүлөр үчүн бардык ыңгайлуу шарттар каралган: кенен залдар, заманбап каттоо жайлары, фуд-корттор, эс алуу зоналары жана автоматташтырылган 650 орундуу унаа токтотуучу жай. Мындан тышкары, перронду кеңейтүү жана учактарды токтотуучу жайлардын санын 25ке көбөйтүү пландалууда.

"Ош" эл аралык аэропорту Кыргызстандын түштүк аймагындагы эң ири транспорттук түйүндөрдүн бири болуп, жүргүнчүлөрдүн агымы боюнча өлкөдө экинчи орунда турат. Аэропорт Airbus A320, Boeing 737 сыяктуу заманбап учактарды кабыл алууга жөндөмдүү. Жаңы аэробекет комплексинин курулушу менен аэропорттун саатына 900 жүргүнчүнү тейлөө мүмкүнчүлүгү пайда болуп, жүргүнчүлөргө кызмат көрсөтүүнүн сапаты жана ыңгайлуулугу жогорулайт.

Жаңы аэробекет комплексинин долбоору Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин Шаар куруу жана архитектура департаменти тарабынан иштелип чыккан. Курулуштун башкы подрядчысы катары "Кыргызкурулуш" мамлекеттик ишканасы тандалып, долбоорду каржылоо "Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коомунун өз каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

**А.Каракозуев.**

Эсенсиңби элетим?

# Кызыр-Абадда спортко кызыккандар көп

Араван районундагы Чек–Абад айыл аймагынын Кызыр-Абад айылы өткөн кылымда Тойчу аттуу балбаны менен атагы чыгып келген. Карыялардын эскерүүсүнө караганда Тойчу көп жолу күрөшкө чыгып, далысы жерге тийбеген балбан болгон экен деп айтылат. Бир жолу Ноокатта болгон күрөштө биягы Андижан, тиягы Кара-Тегин, күн батыштан Кокон, Коженттен келген балбандардын арасында таш көтөрүү мелдеши өткөрүлүп, Тойчу балбан көтөргөн ташты эч ким өөйдө көтөрө албай, баш байге ага ыйгарылган экен.

Бул аймакта кийинки мезгилде спорттун күрөш, футбол түрү жакшы өнүгүп жатат. Ушул айылдан чыккан Максат Алимов республикабыздын футбол боюнча курама командасынын капитаны. Ырыскелди Маданов Кыргызстандын футбол боюнча жаштар курама командасында ойнойт.

Айылда Таабалдиев Шакир максымдын ысмы өмүрүнүн акырына чейин спортко болгон кызыгуусунан тайбаган, айылдык балдарды сергек жашоого үндөгөн машыктыруучу катары өзгөчө ызаат, өзгөчө урмат менен айтылат. Анын тарбиялаган балдардын арасынан республиканын, дүйнөнүн чемпиондору чыккан.. Бул жетишкендиктер мамлекет тарабынан эске алынып, республикалык бюджеттин эсебинен жалпы суммасы 14 млн. сомду түзгөн спорт залыбыз пайдаланууга берилгендигине 5 жыл болду. Кызыр-Абад айылында курулган спорт мектебине анын ысмы ыйгарылгандыгы бекеринен эмес. Азыркы учурда шарт жакшы. Таабалдиев Алмаз атуу бала артынан чуркап жүрүп, Бишкектен баасы 20 000 доллар болгон олимпиадалык матрацты алып берди. Облус тарабынан баасы 3000 доллар турган матрац берилген. Айыл өкмөтүнүн көмөгү менен 500 миң сом тренажерлор алып келинди.

Өткөн айда Таабалдиев Шакир атындагы спорт мектебинде анын жаркын элесине арналган грек-рим күрөшү боюнча 15 жашка чейин балдар арасында областтык деңгээлде турнир болуп өттү. Ага Араван, Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат райондорундагы жана Ош шаарындагы клубдарында машыгып жатышкан 306 мектеп окуучулары катышты.



Турнирдин ачылыш салтанатына катышкан райондон, облустан келген коноктор Таабалдиев Шакирдин дарегине жылуу сөздөрүн айтышып, анын эмгегин эскеришти. Аны уюштурушкан Шакирдин аксакалдын туугандарына, жердештерине жана балдары Алмазбек, Ислам, Санжар, Чыңгызга ыраазылык сөздөр айтылды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы атайын ыйгарымдуу өкүлүнүн биринчи орун басары Курманбек Айтибаев катышып, ал Таабалдиев Шакирдин ысмы өзгөчө ызаат, урмат менен айтыла тургандыгын белгилеп, өз өмүрүн балдардын сергек жашоого үндөөгө, спортко кызыктырууга арнаган мекенчил инсан болгондугуна токтолуп өттү.

Айыл өкмөттүн башчысынын орун басары Сайдилла Токторовдун айтуусунда өзүң тарбиялаган балдарың жеңишке жетип, чемпион болуп турса машыктыруучу үчүн андан өткөн кубаныч жок. Таабалдиев Шакир агайыбыз мындай сезимдерди башынан көп жолу өткөргөн адам. Ал көп убактысын балдарга арнап, алардын ийгилиги үчүн жумшаган мээнети кайткандыгына рахат алган чыныгы педагог болгон. Ал майрамдарда, тойлорго күрөш боюнча мелдештерди уюштуруп, анын машыктырган балдары райондук, облустук деңгээлдеги алдыңкы жана байгелүү орундарды жеңип келген учурлар көп болгон. Айрым учурларда Жалал-Абад, Баткенде өткөрүлгөн мелдештерге, турнирлерге балдарды өз каражаты менен алып барып турган.

Т.Исмаилов атындагы орто мектептин директору Айнагүл Матраимованын айтуусунда кийинки жылдарда мектеп окуучуларынын арасында футболго кызыгып жаткандар көбөйүп жаткандыктан, аны өнүктүрүүгө олуттуу маани берилүүдө. Кыргызстандын мектеп лигасынын футбол боюнча өткөн мелдешинде биздин мектептин командасы 2-орунга чыгып, Рыскелди Маданов аттуу спортсменибиз "Мыкты чабуулчу" деген номинацияга ээ болуп келди. Мектептин аймагына райондук өнүктүрүү фондусунун жана айыл өкмөтү жардамы менен жалпы суммасы 2 млн. сомду түзгөн минифутбол аянтчасы пайдаланууга берилди.

Мектептин спортсмендери жыл сайын спартакидага активдүү катышып, алдыңкы орунду ээлеп келишет. VIII республикалык спартакидада Ош облусунун намысын коргоп келишти. Мына ушундай ийгиликтердин жаралышына Ибрагим Алимов баш болгон дене тарбия мугалимдеринин эмгеги чоң. Алардын өз сабагына жасаган мамилеси абдан жоопкерчиликтүү, сабакты сапатуу өтүшөт. Катуу талап коюушат Ибрагим Алимовго "Ош облусунун ардактуу атуулу" деген наамынын ыйгарылгандыгына биз эле эмес, жалпы Араван районунун тургундары сыймыктанышкан.

Атактуу балбан Акжол Махмудовдун көмөгү менен грек-рим күрөшү боюнча райондогу спорт мектебинен атайын машыктыруучу келип, окуучуларыбызды жумасына 4 жолу машыктырып жатат. Алгачкы жыйынтык бар. Шарип Эрматов деген окуучубуз облуста биринчи орунду алып, республикалык мелдешке даярданып жатат.

Таабалдиев Шакир максымдын жаркын элесине арналган турнир абдан жандуу, кызыктуу өттү. Анын аягында жеңүүчүлөргө баалуу белектер тапшырылды.

**Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.**

**Араван районунун С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы Самат ДҮМҮРОВ:**

# “АДАЛ ИШТЕП, АК КЫЗМАТ КЫЛУУ-БАШКЫ МАКСАТЫМ”

**Жакында гана ротация жолу менен Араван районунун С.Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы кызматына которулуп келген Самат Дүмүров иштин көзүн билген мыкты жетекчи. Ал Аравандын эң алыскы Төө-Моюн айыл өкмөтүнүн башчысы болуп дээрлик бир топ жыл иштеп, калктын муктаждыктарын чечүүгө салымын кошуп келген. Учурда Араван районунун эң ири аймактарынын бирин башкарып, мындагы элдин суроо-талаптарын орундатуу максатында тер төгүп келүүдө. Биз аталган Араван районунун С.Юсупова айыл өкмөтүнүн кеңсесине баш бакканыбызда айыл өкмөткө келген калктын саны көп экенине күбө болдук. Мындагы кызматкерлер келген элди жылуу кабыл алышып, алардын муктаждыктарын тез аранын ичинде чечип берип жатышканына ичибиз жылыганын жашыра албайбыз. Айыл өкмөт башчысынын кабыл алуусуна кезекте турган элдердин катарынан биз да кезек алып, Дүмүров Самат Турганбаевичке жолугуп, мындагы аткарылган иштер туурасында баарлашып кайтканбыз.**





**-Самат Турганбаевич, Сиз С.Юсупова айыл өкмөтүнө жакында эле ротация жолу менен келгениңизди билебиз. Жетекчи болуп келген күндөн жумушуңузду эмнеден баштадыңыз?**

-Ооба, туура айтасыз. Мен ушул эле Араван району эң алыскы аймагы болгон Төө-Моюн айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштедим. Кийин акимдин буйругунун негизинде С.Юсупова айыл өкмөтүнө ротция жолу менен дайындалдым. Албетте, мен Төө-Моюнда иштеп жүргөндө бир топ тапталып, аймактын иштерин алга сүрөөнүн жолдорун изденим, тажрыйба арттырган экенмин. Мен бул жака келээрим менен айылдарды кыдырып, эл менен жеринде жолугушууларды уюштурдум. Карапайым калктын үнүн жеринде уктум. Бардыгын жазып алып, анализ жүргүздүм. Тилекке каршы мен келгенде жергиликтүү бюджет бекитилип калгандыктан, ушул жылга атайын иш-пландарымды иштеп чыктым. Кийин аны жергиликтүү кеңештин депутаттарына сунуштап, элдин эң көйгөйлүү маселелерин чечүүгө бел байладым. Ал иш пландарымды турмушка ашырып, буюрса ал жөнүндө да сиздер менен бөлүшөм.

Жакында район башчыбыздын эл менен жолугушуусу өтүп, аймактын иштери боюнча отчетубузду берип алдык. Шүгүр, элдин ыраазычылыгына татыган жумуштарыбыз менен ичибиз жылый түштү. Албетте, эл тараза, эл сынчы демекчи, ар бир калк үчүн кылган кызматыбыз калкыбыздын тараза ташында. Максатым, адал иштеп, ак кызмат кылсам дейм. Жакырчылыкты жоюп, өлкөбүз өнүксө деген ниетим жүрөгүмдө жашайт. Ал үчүн болгон билим, тажрыйбамды жумшап, өлкөбүздүн өнүгүүсүнө, элибиздин жашоо-шарты жакшырышына салым кошуп, иштей беребиз деген ниеттемин. Бул кызматта иштеп, кийин башка жака которулсаң, аткарган иштериң менен калктын алкоосуна арзып, артыңдан жылуу пикир калса деймин. Ал үчүн биздин айыл өкмөттүн кызматкерлеринин билим деңгээли жетиштүү.

**-Самат Турганбаевич, Сиз жетектеген С.Юсупова айыл өкмөтү калк жыш жайгашкан аймак. Мындагы калкты таза суу менен камсыздоодо айыл өкмөт тарабынан кандай жумуштар жүз берди?**

- Албетте, Араван районунун С.Юсупова айыл өкмөтү эң ири аймактардын бири болгондуктан, сиз айткандай калк жыш отурукташып, башка аймактарга салыштырмалуу кожолуктун саны бир топ көп. Учурда таза суу тармагы боюнча айта турган болсом, айыл жашоочуларынын толук таза суу менен камсыз кылуу максатында 2 жаңы скважина казылып, бирөөсү пайдаланууга тапшырылды. Кудуктарды казуу жергиликтүү бюджеттен жана райондук өнүктүрүү фондунан каржыланган. Ал эми экинчи кудук ишке түшсө 450 кожолукту таза суу менен жана 65 га жерлерди сугат суу менен камсыз кылууга шарттар түзүлөт. Бул боюнча азыр кызуу иштер жүрүүдө.





Ошондой эле Октябрь айылындагы скважинанын насосу жаңыланып, бул иштерди аткарууга жергиликтүү казынадан, "Акниет-Араван" муниципалдык ишканасы тарабынан каражат сарпталды. Ушул эле каражат булактары аркылуу Каррак айылынын Сарай көчөсүнө таза суу кампасы курулуп, калк керегине тапшырылды. Дагы 8 скважинаны ишке берүү аракетиндебиз.

**-Самат мырза, аймактын инфратүзүмүн жакшыртуу иштери боюнча кыскача айта кетсеңиз?**

-Жакшы болот. Негизинен өзүңүздөргө белгилүү болгондой Кыргыз Республикасынын Президентинин №109 жана №56 Жарлыктарына ылайык айыл аймагындагы мыйзамсыз 87 обьект буздурулду. Ал эми «Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» жобонун негизинде 170 арыз катталып, 36 турак үйгө мамлекеттик акт ыйгардык.

Коомдук коопсуздукту сактоо, жарандарга түнкүсүн жакшы шарт түзүү максатында айыл аймагынын бардык айылдарында муктаждыктарына жана элдин суроо талабына ылайык жергиликтүү бюджеттин эсебинен түнкү жарыктар коюлуп, зым жана мамычалар, прожекторлор сатып алынып, пайдаланууга тапшырылды.

Райондун борборуна унаа кырсыктарын алдын алуу максатында жергиликтүү бюджет эсебинен акча каражаты ажыратылып, жол чырактар (светофор) орнотулду.

Араван сайдын жээгиндеги бузулган жерлерди атайын техника жардамы менен калыбына келтирүү иштери аткарылып, Араван сайдын жээгине курулуш материалдарды жергиликтүү казынадан ажыратып, жумуштар аткарылууда. Айыл аймагында жаштар арасында спортту өнүктүрүү максатында Манас орто мектебинин айланасына футбол аянтчасы курулду. Октябрь көчөсүнө 800 метр аралыкка жарыктандыруу линияларын тарттырдык. Навбахор көчөсүнө калктуу конуштарга трансформатор сатып алып бердик, азыр аны элибиз пайдаланууда.

**-"Жолу оңдун иши оң" демекчи, мындагы жол көйгөйлөрүн чечүүдө кандай аракеттерди көрүүдөсүздөр?**

-Албетте, жолдорду оңдоо, ички көчөлөрдү калыбына келтирүү аймак тарабынан тынымсыз эле жүргүзүлүп келет. Ал эми өткөн жылы аймакта 15 км. ички талаа жолдору тегизделди. Ленин, Б.Айдаров жана М.Султанов көчөлөрүн таштанды жана топурактан тазалоо иштери алынып барылды.

Ошондой эле Каррак айылынын Х.Абдуллаев көчөсүнө тротуар куруу иштери аягына чыгарылды. Жол маселеси көңүл борборубузда. Буюрса, алдыдагы иш пландарымдын негизинде жолдорго көңүл буруу аракеттерим күч.

**-Самат Турганбаевич, Сиз жетектеген айыл өкмөттүн социалдык тармагы боюнча да уксак?**

-Албетте, элге жакшы шарттарды жартуу, социалдык колдоолорду берүү, жакырчылыкты жоюу менин бирден-бир максаттарымдын бири. Аймакта БУУ ДАТПнын «Эмгек үчүн азык-түлүк» долбоорунун негизинде 165 үй-бүлөгө 40, 500 кг. байытылган ун, 4,050 кг. өсүмдүк майы, 140 адамга 150 АКШ доллары таратылды.

А.Сайдахматов атындагы орто мектебинин от-казандарын ремонттон өткөрдүк, Сүткор көчөсүндөгү ФАПты капиталдык ремонттоо жана жолдорго зым тартуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен жана жергиликтүү жамааттар тарабынан колдоого алып, бул иштер да ийгиликтүү аяктады. Ж.Абдурахманов атындагы №40 орто мектеби мамлекеттик стандарттарга жооп берүүчү капиталдык ремонттон өткөрүлдү.

Айыл аймагында жөлөк пул алуучулар мамлекет тарабынан «Социалдык келишимдин негизинде социалдык жардам берүү боюнча» арыз менен 130 аял кайрылды. Алар айыл өкмөткө өздөрүнүн мал, кой чарбачылык, чеберчилик, майда бизнес менен алектениши жөнүндөгү бизнес пландарын беришти. Кабыл алынган 130 бизнес пландан 12 аял Дүйнөлүк банктан алса, 109 аял республика тарабынан берилген жүз миң сом социалдык контракттын негизинде социалдык жардамдарды алышты. Учурда жеке бизнестерин өнүктүрүү менен алек.

Жалпыга маалым болгондой, айыл өкмөтүндө ачылган социалдык дүкөнгө жыл ичинде 23 үй-бүлөгө орто эсеп менен 800 сомдук азык-түлүктөрдү бердик.

**-Самат мырза, кышка даярдык, тазалык, өнөр жай тармактарына да кыскача токтолсоңуз?**

-Чындыгында калк жыш жайгашкан аймак болгондуктан тазалыкты сактоо, тазалык жаатында эл менен иштешүүдө айыл өкмөттүн С.Юсупова – Тазалык муниципалдык ишканасы иштеп келет. Таштанды таштоочу полигонго видеокөзөмөл орнотулган. Ал эми өнөр жай боюнча айтсам, С.Юсупова айыл өкмөтүндө 2024-жылдын 12 айы ичинде жалпы 56 ишкана ишке түшүп, 128 адам иш менен камсыз болду.

Байкаганыңыздардай быйылкы кыш мезгили оор болууда, андыктан аймактын карамагындагы билим берүү жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарын күз-кыш мезгилине көмүр менен камсыз кылууну толук ишке ашырдык.

Ал эми бизде "Араван-Жылуулук камсыздоо ишканасы" ачылып, аталган муниципалдык ишкана айыл аймагындагы Араван жана Эрке-Кашка айылдарына караштуу М.Султанов менен Б.Айдаров көчөлөрүндөгү эки кабаттуу үйдү, Ж.Абдрахманов мектебин жана ишкана-мекемелерди жылуулук менен камсыздап жатат. Ошондой эле, кошумчалай кетсем айыл өкмөттүн карамагындагы Б.Айдаров көчөсүндө жайгашкан «Мөмө-Жемиш» борбордук базардын алдындагы жол тыгынын азайтуу максатында айыл өкмөтү тарабынан муниципалдык унаа токтоочу жайлар уюштурулду. Ошондой эле аталган жерге муниципалдык тазалык кааналарын куруу иштери улантылууда.

**Маектешкен: Н.Өмүрзакова.**

Тимур Стамбеков:

# «УЛУТТУК БАНК МЫЙЗАМСЫЗ ИШ АЛЫП БАРГАН УЮМДАРДАН ЖАНА ТЕЛЕФОНДУК ШЫЛУУНДАРДАН САК БОЛУУНУ ЭСКЕРТЕТ»

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы заманбап технологияларды колдонуу менен алдамчылык фактылары көбөйүп жаткандыгын билдирип келет. Санариптик индустриянын өнүгүшү финансы-кредит уюмдарынын кардарларын тейлөөдө ыңгайлуулукту жаратып, сапатын жогорулатуу менен бирге шылуундарга туш болуу тобокелдиктерин да жаратууда. Ушундан улам, жарандарга өзүнө сак болуу тууралуу маалымат берүүнү туура таап, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгынын көзөмөл бөлүмүнүн начальниги Стамбеков Тимур Балтагуловичке кайрылып, төмөнкү маалыматтарды алдык.**




-Улуттук банктын дарегине социалдык тармактар, мессенджерлер, ошондой эле жарнама жайгаштыруу сайттары жана башка платформалар аркылуу алдамчылыктан жабыр тарткан жарандардан билдирүүлөр түшүп жатат. Алдамчылар улам жаңы чыккан технологияларды, анын ичинде социалдык инженерияны (үндү өзгөртүү), кошумча телефон номерлерди, ошондой эле психологиялык манипуляция жолдорун колдонуу менен улам башка алдамчылык жолдорун табышууда.

Акыркы учурда ар кандай интернет-ресурстар, жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле социалдык тармактар, мессенджерлер жана башка байланыш каражаттары аркылуу өлкөбүздүн жарандарына аталыштарында «-койн», «криптовалюта», «криптомонета», «криптоактив» сөздөрү колдонулган айрым активдерди же продукттарды сатып алуу өтө көп сунушталып жатканы маалымдалат. Ошол эле учурда жарандарга чындыкка туура келген маалымат берилбейт, аларга акчаларды ушул “инструменттерге” салуу же аны сатып алуу менен кыска убакыттын ичинде, ошондой эле тез эле көп пайда көрүүгө болот деген азгырган маалыматты беришет.



Улуттук банк финансы пирамидасынын белгилери катылган алдамчы схемаларынын бар экенин белгилейт, алдамчылар виртуалдык активдерди (криптовалюталар) таратууга жамынып алып, жаңы катышуучулардын акча каражаттарына ээлик кылууга аракет кылышат. Алдамчылар жарандардын көңүлүн көбүрөөк тартуу үчүн кайсы бир виртуалдык активди – «криптовалютаны» жайылтууга багытталган жарыялоо кампаниясын жигердүү жүргүзүшөт, анын ичинде белгилүү медиаинсандарын тартуу, белгилүү бир активдерден көп киреше алуу, аларды андан ары төлөм каражаты катары жүгүртүүгө же товарлар менен кызмат көрсөтүүлөргө алмашуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалыматтарды жана материалдарды жайгаштыруу аркылуу дагы иштерди жүргүзүшөт.

Улуттук банк виртуалдык активдерге (криптовалюталарга) жамынып сунушталган жана финансы пирамидасынын белгилери бар шектүү продукттарга, “инструменттерге” инвестиция салуудан алыс болууну, бардык ишке кылдаттык менен мамиле жасап, сак болууну сунуштайт.

Ал эми телефон чалуу аркылуу жарандардын ишенимине кирип, ар кандай ыкмаларды колдонуп, шылуундар Сиздин эсебиңизден акчаңызды уурдап же андан ары сизге онлайн-кредит тариздетип алууну көздөп жатышат.

## БУЛ КАНТИП ИШКЕ АШЫРЫЛАТ?

Биринчи кезекте өзүн коммерциялык банктын кызматкеримин деп тааныштырган адам жаранга телефон чалып, жеке маалыматтын ачыкка чыгышы же анын атынан онлайн -кредит алуу үчүн кайрылган үчүнчү жактар жөнүндө кабарлайт. Андан кийин Улуттук банктын (же башка мамлекеттик органдын) кызматкери болуп таанышкан адам кошулат да, акчаны сактап калуу зарылдыгын шылтоолоп, жабырлануучуну акчасын коопсуз, корголгон эсепке которууга чакырат. Айрым учурда, шылуундардын курмандыгы болгон жаран алдамчылардын көрсөтмөсү боюнча онлайн-кредитти тариздөө же акча которуу операцияларын өз колу менен аткарат.

Ошол эле учурда алдамчылардын телефон номерлери жасалма болушу мүмкүн. Ынандыруу үчүн, алар логотип белгиси менен Улуттук банктын жетекчилигинин колу коюлган жасалма күбөлүк же башка документти жөнөтүшү мүмкүн. Улуттук банк эч качан жарандардан жеке жана жашыруун маалыматтарды телефон аркылуу сурабай тургандыгын эсиңиздерге салабыз. Мындан тышкары, Улуттук банк жарандарга эсеп ачпайт, жеке адамдарды тейлебейт, калк менен накталай эсептешүүлөрдү жүргүзбөйт жана акчаны «коопсуз эсепке» которуу кызматын сунуштабайт.




## ӨЗҮҢДҮ КАНТИП КОРГОЙ АЛАСЫҢ?

1. Эгерде, Сизге өзүн банктын, Улуттук банктын же башка мамлекеттик органдардын кызматкери катары тааныштырган адам телефон чалып, жеке маалыматтарыңыздын сыртка чыгып кетиши же сизге онлайн-кредит уруксатсыз таризделгендиги тууралуу билдирсе, сүйлөшүүнү токтотуңуз. Эгерде, сиз андан ары сүйлөшүүнү туура көрсөңүз, сүйлөшүү учурунда экранды көрсөтпөңүз, жеке (жашыруун) маалыматыңызды (ИСН, коддор, ПИН коддор ж.б.) бербеңиз, өзүңүз жөнүндө эч кандай маалыматты ырастабаңыз. Ошондой эле мессенджерлердеги белгисиз номерлерден келген видеочалууларга жооп бербей, бейтааныш адамдардын сунушталган, текшерилбеген интернет-шилтемелерге кирбегениңиз жакшы.

2. Эгерде, мындай чалуу шектенүү жаратса, банктардын веб-сайтында, мобилдик тиркемелерде көрсөтүлгөн расмий номерлерге чалышыңыз зарыл же банктын жакынкы офисине кайрылышыңыз керек.

3. Банктар жана Улуттук банк эч качан онлайн- кредиттерди уруксатсыз тариздөөгө же жеке маалыматтардын сыртка чыгып кетишине байланыштуу чалбай тургандыгы жана мессенджерлер аркылуу кызматкерлердин күбөлүгүн же дагы башка документин жөнөтпөй тургандыгы эсиңизде болсун.

## ЭГЕРДЕ, СИЗ ШЫЛУУНДАРДЫН КУРМАНДЫГЫ БОЛУП КАЛСАҢЫЗ, ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Эгерде, сиз алдамчылыктын курмандыгы болуп калдым деп ойлосоңуз, банкка болгон окуя тууралуу дароо кабарлап, банктык картаны же эсепти бөгөттөп коюну суранышыңыз зарыл жана тез арада укук коргоо органдарына арыз менен кайрылышыңыз керек.

## ЭСТЕП КАЛЫҢЫЗ!

Шылуундар акча уурдоо жолдорун улам өзгөртүп жаткандыгына, андыктан алар жогоруда белгиленген алдамчылык түрлөрү менен чектелбей тургандыгына көңүлүңүздөрдү бурабыз. Алдамчылардын схемалары ар кандай болушу мүмкүн, бирок, башкы максаты — Сизди ишендирип, эсебиңиздеги акчаны котортуу үчүн Сизди адаштыруу. Сиз акчаңызды которгон учурда, шылуундар максатына жеткен болот.

## МААНИЛҮҮ!

Керектөөчүлөр үчүн маанилүү маалыматтар жайгаштырылуучу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтына www.nbkr.kg жана Улуттук банкын социалдык тармактардагы расмий баракчаларына: Инстаграм-nbkr_kg; Facebook жана Telegram каналдарына көз салып туруңуз. Веб-сайттарда жана мобилдик тиркемелерде ФКУ жаңылыктары жана билдирүүлөрү менен таанышып туруңуз.

**Жазып алган: К.Кыдыралиева.**

Прокурордук көзөмөл

## Коррупцияга каршы аракеттер

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2024-жылы Коррупцияга каршы аракеттенүү багыты боюнча жүргүзүлгөн иштерди маалымдайбыз.

2024-жыл ичинде Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан коррупцияга каршы аракеттенүү багытында 23 текшерүүлөр жүргүзүлүп, 177 мыйзам бузуулар аныкталып, алардын ичинен 164ү жоюлган, аларды жоюу максатында жалпысынан 83 прокурордук акт киргизилген.

Тактап айтканда, укук бузуу токтомун жокко чыгаруу боюнча 1 токтом кабыл алынган, ченемдик-укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө 12 сунуш жана 2 талап келтирилген, 68 укук бузуу өндүрүш иш козголуп, алар боюнча тийиштүү кызмат адамдары тиешелүү айып пулдарга кириптелишкен, прокурордук актылардын кароонун жыйынтыктары менен 10 жоопту кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке тартылышкан. Андан тышкары, мамлекетке келтирилген жалпы 952 914 сомдук зыян акчалай түрдө өндүрүлгөн жана 7 материал Кылымыштардын бирдиктүү реестиринин автоматтташтырылган маалыматтык системасына катталган.

**Айбек Кожоев,**
**Кыргыз транспорттук прокурорунун жардамчысы.**

Демилге

## Ишкерлик ийгиликке жеткирет

***Ишкерликти өнүктүрүү жана аны жандандыруу аракет жасаган адамдын өзүнө байланыштуу болот эмеспи. Соода-сатык менен алектенгендер, мал-чарбасы жана айыл-чарбасы менен ишкерликти өздөштүргөндөрдүн саны да, сапаты да күн сайын өсүп баратат. Мына ошондой жаш, жеке ишкерлердин катарында Ноокат районундагы Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Шаңкол айылындагы тоок ферма башчысы Абдиламит уулу Өмүрбек бар.***



Өмүрбек мырза 2021-жылы Оштогу "ОАЗИС" агрофирмасынан 3 айлык жөжөлөрдү сатып алып, асырайт. Азыркы учурда тоок фермада 5000дөн ашык тоок бар. Күнүнө төрт жарым миңден ашык жумуртканы жыйнашып, соода точкаларына сатышат. Абдыкамал Бекенбаев, тоок ферманын жумушчусу. Ал эртең менен эрте туруп, жумушуна келип, электр энергиясын жандырып, андан соң жумурткаларды жыйноо ишине киришет. Тоокторго жем, сууларын берип температураны 25 градуста нормалдуу кармашат. Тоокторго күнүнө 600 кг. дан жем берилет.

Айылдын ветеринардык врачы тарабынан көзөмөлгө алынып тиешелүү витаминдер берилип турат. Ошондой эле санитардык-эпидемиологиялык дарыгерлер тарабынан да текшерүүдөн өткөрүлүп, тазалыгы аныкталып турат дейт ферма башчысы Өмүрбек мырза. Азыркы мезгилде 10го жакын жумушчу эмгектенишип, үй-бүлөсүн багышат. Тоoктордун жумурткалары таза, табигый күнүмдүк жумурткаларды жаңысында сатышып кардарларга тартуулап турушат.

Келечекте тоок фермасынын аянтын кеңейтип тооктун санын көбөйтсөм дейт ферма башчысы. Тоок фермасынын башчысы, жеке ишкер Абдиламит уулу Өмүрбекке жана анын эмгек жамаатынын иштерине ийгиликтерди каалайбыз.

**Б. Ысакова.**

Жарыялар

### Аукцион

Филиал ОАО «НЭС Кыргызстана»-Ошская предприятия электрических сетей (Ош ПЭС) обьявляет аукцион на реализацию отходов черного металла в количестве 9727 кг по цене 13,27 сом за кг. и меди 417 кг по цене 442,48 сом за кг.

Требования к участникам аукциона:

-Заявка на участие на аукциона.

-Копия платежного документа подтверждающего внесение задатка 10% от стартовой

цены черного металла и меди.

-Полнота всех документов.

Реквизиты организации: ОАО «НЭСК»-Ош ПЭС г.Ош пр.Масалиева 102.

Р-с. 1090320108660140

БИК.109003

ФОАО «Оптима Банк» в г.Ош

ИНН 42308202210105

Аукцион состоится 20 марта 2025г. в 10:00 часов за здании Ош ПЭС, по адресу г.Ош пр.

Масалиева 102. Заявки на участие в аукционе принимаются до 17:00 часов 19 марта 2024г.

Телефон: 03222 4-11-16, 0-558-54-27-00

### Аукцион

«ОсОО «Люкс Консалт» обьявляет повторные публичные торги, в форме открытого аукциона, которые пройдут «25» марта 2025 года в 12:00 ч. по адресу: г.Ош, мкр. Туран, д.№33, по продаже заложенного имущества: Нежилое помещение - Производственная база, общей полезной площадью 2008,3 кв.м. распложенный на земельном участке мерою 19648,0 кв.м., находящийся по адресу: г.Ош, мкр. Туран, д.№33, ИК 5-11-01-0319-0197.

Стартовая цена заложенного имущества составляет 1 890 565 (один миллион восемьсот девяносто тысяч пятьсот шестьдесят пять) долларов США. Имущество реализуется в сомах.

Для участия в публичных торгах необходимо внести гарантийный взнос – 1 % от стартовой стоимости – на р-с в сомах 1117301200020271 БИК 111006 ЗАО «Банк Азии» до начала публичных торгов.

Выигравшим публичные торги на открытом аукционе признается лицо, предложившее наиболее высокую цену за продаваемое имущество. Покупная цена подлежит внесению в течение пяти банковских дней за вычетом суммы, внесенного гарантийного взноса после проведения торгов.

Сведения об Организаторе торгов:

ОсОО ЮК "Люкс Консалт", адрес: г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова, д. 14, кв. 41, тел. 0 (312) 56 88 25, 0 (312) 30 30 32, р-с в сомах 1117301200020271, БИК 111006 ЗАО "Банк Азии", код ОКПО 29403204, ИНН 01603201610167»

### ИЗВЕЩЕНИЕ

АООТ «Карасу Авторемзавод» извещает Вас о решении общего годового собрания акционеров 13 февраля 2025 года в 11.00 часов по адресу: г. Карасу , ул. Нурахунова 274 в здании АООТ, со следующей повесткой дня:Кворум-81,50%

1. Избрание счетной комиссии За 100%

2.Утвердили отчет директора о финансово-хозяйственной деятельности за 2024 год За 100%

3. Утвердили отчет ревизионной комиссии за 2024год За100%

4. Утвердили годовой баланс, счета прибылей и убытков За-100%

Реализация за 2024 год-2670,9 тыс.сом

Расход -1806,6 тыс.сом

Чистая прибыль-864,3 тыс.сом

5. Утвердили прибыль за 2024 год За 100%- На 1 акцию 6 сом.

День списка 1 февраля 2025 года. День выдачи 13 февраля 2025года

6. Утвердили исполнение годового бюджета за 2024 год и утвердили годовой Бюджет на 2025год.

7.Решения собрания о проведения Аудита Против-100%

8.Решения собрания о передачи автомобиля предприятия всобственность исполнительному директору- Вопрос убран с повестки дня 100% голосов.

### Билдирүү

ААК "Авторемзаводу" 2025-жылдын 13-февралында саат 11-00 дө өткөн акционерлердин жалпы чогулушу тууралуу маалымдайт. Жыйын Кара-Суу шаары, Нурахунов көчөсү 274 дарегинде жайгашкан ААК имаратында болуп өттү.

1. Эсептөө комиссиясынын шайланышы -100% жактырылды

2. Директордун 2024-жылдагы финансылык-чарбалык ишмердүүлүгү боюнча отчету-100% жактырылды

3. Ревизиялык комиссиянын 2024-жыл боюнча отчету -100% жактырылды

4. Жылдык баланс, киреше жана чыгаша эсептери -100% жактырылды

-2024-жыл үчүн сатуудан түшкөн каражат: 2670, 9 миң сом

-Чыгым: 1806, 6 миң сом

-Таза пайда: 864, 3 миң сом

5. 2024-жыл үчүн дивиденддер бекитилди-100% жактырылды. Бир акцияга 6 сом.

-тизмеге кирген күн: 2025-жылдын 1-февралы

- Төлөө күнү: 2025-жылдын 13-февралы

6. 2024-жылдын жылдык бюджети бекитилди-100% жактырылды. 2025-жыл үчүн жылдык бюджет бекитилди.

7. Аудит жүргүзүү чечими -100% каршы добуш берилди.

8. Ишкананын автоунаасын аткаруучу директордун менчигине өткөрүп берүү маселеси күн тартибинен алынган.

### ХХХ

20.03.2025- жылда «Завод ЖБИ-4»ААКнын жылдык акционердик жыйыны болот.

2025- жылдын 20- мартында эртең мененки саат 9:00дө акционерлерди каттоо башталат, саат 10:00дө акционерлердин жылдык жыйыны башталат.

Күн тартибинде:

1.2024-жылдын жыйынтыгы боюнча эмгек жамаатынын башкы директорунун отчету.

2.2024- жылдын жыйынтыгы боюнча текшерүү комиссиясынын отчету.

3.Чыгаша- кирешенин жылдык балансын бекитүү, түшкөн кирешени бөлүштүрүү.

4.2025-жылдын жылдык каражатын бекитүү.

"Завод ЖБИ- 4" ААК акционерлерин жогоруда айтылган ( көрсөтүлгөн) убакытка кечикпей келип, катышып берүүсүн суранат

### ХХХ

Пазыл Саипжанов атындагы "Тулпар" ААКсынын Директорлор кеңеши акционерлердин жалпы жыйыны 2025- жылдын 28- март күнү саат 10:00дө коомдун жыйындар залында өткөрүлөөрүн кабарлайт. Акционерлерди каттоо паспорт аркылуу 9:00дөн баштап 10:00гө чейин жүргүзүлөт.

Күн тартиби:

1.Жыйналыштын эсептөө комиссиясын шайлоо. Абдурахманов А., Турдиев Х., Солпуев Э. бекитүү.

2.Коомдун башкармалыгынын 2024 жылдын жыйынтыгы боюнча отчетун бекитүү.

3. Коомдун 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча текшерүүчүнүн жана көз карандысыз аудитордун корутундусун бекитүү.

4. Коомдун 2024-жылдык балансын, кирешелер жана чыгашалар жөнүндө отчетун бекитүү.

5. Коомдун 2023-жылдагы кирешесин бөлүштүрүү жана дивиденд берүү тартибин бекитүү.

6. Коомдун 2025-жылга бюджетин бекитүү.

7. Коомдун ДК жаңы курамын шайлоо (талапкерлер:: Каримова Рабияхан Ысмаиловна, Турсунбаев Махамаджан, Пазылова Назира Пазыловна).

8. Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө төлөнүп берилүүчү компенсациялардын өлчөмүн бекитүү.

9. Коомдун аудиторун бекитүү.

10. Коомдун ревизорун шайлоо.

### ОБЬЯВЛЕНИЕ

Совет директоров ОАО "Тулпар" им. Пазыла Саипжанова сообщает, что 28 марта 2025 года в 10:00 часов по адресу: г.Узген, ул.Лениа 49 в зале заседания общества состоится годовое общее собрание акционеров, форма очная. Регистрация акционеров по пспорту с 9:00 до 10:00.

Повестка дня:

1.Выборы счетной комиссии собрания.

2.Утверждение отчета Правления общества по итогам 2024 года.

3. Утверждение отчета ревизора и заключения независимого аудитора.

4. Утверждение отчета о доходах и расходах, а также баланса за 2024 год.

5. Утверждение порядка выплаты дивидендов и распределение прибыли.

6. Утверждение бюджета общества на 2025 год

7.Выборы нового состава членов Совета директоров ( кандидаты:Каримова Рабияхан Ысмаиловна, Турсунбаев Махамаджан, Пазылова Назира Пазыловна).

8. Утверждение обьема выплачиваемой компенсации членам Совета директоров.

9. Утверждение аудита общества.

10. Выборы ревизора общества.

## Кулактандыруу

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы «Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү 119 дареги боюнча жайгашкан Улуттук банктын Ош областтык башкармалыгынын административдик имаратынын тосмолорун жана чарба курулмаларын реконструкциялоо менен капиталдык оңдоо» объекти боюнча курулуш-монтаждоо иштерин сатып алууга кайрадан республикалык ачык сынак өткөрөт.

Сынак боюнча документтер сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде 2025-жылдын 7-мартында саат 17:30га чейин Бишкек шаары, Т.Үмөталиев көчөсү 101 дареги боюнча же tender@nbkr.kg электрондук почтасы аркылуу берилет.

Катышуучулар үчүн сынакка чейинки конференция 2025-жылдын 26-февралында жана 5-мартында саат 14:00дө Бишкек шаары, Т. Үмөталиев көчөсү 101 дареги боюнча видеоконференция байланышы режиминде өтөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар 2025-жылдын 12-мартында саат 14:00гө чейин Бишкек шаары, Чүй проспекти 168 дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген мөөнөттөн кечиктирилип берилген сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт.

Сынак боюнча сунуштар катышуучулардын катышуусунда 2025-жылдын

12-мартында саат 14:00дө Бишкек шаары, Т.Үмөталиев көчөсү 101 дареги боюнча каралат.

Уюштуруу маселелери боюнча +996 (312) 66 91 53 телефону же tender@nbkr.kg электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.».

## Объявление

«Национальный банк Кыргызской Республики проводит повторный открытый республиканский конкурс на закупку строительно-монтажных работ по объекту «Капитальный ремонт с реконструкцией заборного ограждения и хозяйственных построек административного здания Ошского областного управления Национального банка, расположенного по адресу: г. Ош, ул. Курманжан Датки, 119».

Выдача конкурсной документации осуществляется до 17:30 часов 07 марта 2025 года по адресу: г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101 или с адреса электронной почты: tender@nbkr.kg на основании акта приема-передачи конкурсных документов.

Предконкурсная конференция для участников состоится в 14:00 часов 26 февраля и 05 марта 2025 года по адресу: г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101 и в режиме видеоконференции. По вопросам участия в видеоконференции необходимо обратиться к техническому координатору.

Прием конкурсных предложений завершается в 14:00 часов 12 марта 2025 года по адресу: г. Бишкек, пр. Чуй, 168.

Представленные позже указанного срока предложения не принимаются и не рассматриваются.

Вскрытие конкурсных предложений в присутствии участников конкурса состоится в 14:00 часов 12 марта 2025 года по адресу: г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101.

По организационным вопросам обращаться к техническому координатору по телефону: +996 (312) 66 91 53 или электронной почте: tender@nbkr.kg.».

## Сынак

Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаменти Сизлерден Кара-Суу шаарынын Линейная көчөсүндө жайгашкан 5000 м2 жер аянтын иретке келтирүү, инвестиция тартуу, шаардын инфраструктурасын жакшыртуу максатында сынак жолу менен убактылуу пайдаланууга ижарага берүү үчүн сынак өткөрөт. Жер тилкесин ижара шартында убактылуу пайдаланууга сынак өткөрүү жолу менен берүү үчүн коюлуучу ЛОТ:

| Жердин дареги | Максаты | Аянты чарчы метр | Старт. баа 1 айга сом | Старт. баа 5 жылга сом |
|---|---|---|---|---|
| 1. Кара-Суу шаарынын Линейная көчөсү | Шаарга инвестиция тартуу үчүн | 5000 м2 | 12700 | 762000 |

Сынак 2025-жылдын 19 - Март күнү саат 14:00 дө төмөндөгү даректе өткөрүлөт: Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суу шаардык жыйындар залы. Сынакка катышуучулар Кара-Суу шаар мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына (ММБД) 2025-жылдын 14 – март күнү саат 16:00гө чейин төмөнкү документтерди тапшыруулары зарыл:

1. Физикалык жактар үчүн - паспорт.
2. Юридикалык жактар үчүн нотариалдык же каттоо жүргүзүүчү, каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес ишкананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө – сынака катышу үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт.
3. Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик взнос төлөнгөндүгүн тастыктаган документтер. Төлөм кабыл алуучу – Кара-Суу шаары, ОАО РСК Банк, Кара Суу райондук Р-с 4407042200001884, ОКПО 440704. ИНН 00206200610043. БИК 440001.
4. Сынакка катышуу тууралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен; белгилей кетүүчү нерсе, Кара-Суу шаардык мэриясы аталган обьектти (лот) конкурска белгиленген күнгө үч күн калганда сынакты алып салууга укуктуу.

**Көңүл буруңуздар!**

Сынакка баардык юридикалык жана физикалык жактар, алардын ичинде сынак өткөрүүгө 3 (үч) күн калганда конкурска катышуу тууралуу арыз берген жактар гана катыша алат. Сынакка катышууну каалагандар өздөрүнүн өкүлдөрү (ишенген жактары) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн. Сынакка катышуучулар кошумча маалымат алуу үчүн +996998656540 телефондору же Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суу шаарынын мэриясына кайрылса болот.

## Сынак

Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаменти Кара-Суу шаарынын Миялы участкасында жайгашкан 2300 м2 жер аянтын иретке келтирүү, инвестиция тартуу, шаардын инфраструктурасын жакшыртуу максатында сынак жолу менен убактылуу пайдаланууга ижарага берүү үчүн сынак өткөрөт. Жер тилкесин ижара шартында убактылуу пайдаланууга сынак өткөрүү жолу менен берүү үчүн коюлуучу ЛОТ:

| Жердин дареги | Максаты | Аянты чарчы метр | Старт. баа 1 (бир) айга сом | Старт. баа 5 жылга сом |
|---|---|---|---|---|
| 1. Кара-Суу шаарынын Миялы участкасы | Шаарга инвестиция тартуу үчүн | 2300 м.2 | 1600 | 96000 |

Сынак 2025-жылдын 18 - март күнү саат 14:00 дө төмөндөгү даректе өткөрүлөт: Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суу шаардык жыйындар залы. Сынакка катышуучулар Кара-Суу шаар мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгына (ММБД) 2025-жылдын 14 – март күнү саат 16:00гө чейин төмөнкү документтерди тапшыруулары зарыл:

1. Физикалык жактар үчүн - паспорт.
2. Юридикалык жактар үчүн нотариалдык же каттоо жүргүзүүчү, каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес ишкананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө – сынакка катышуу үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт.
3. Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик взнос төлөнгөндүгүн тастыктаган документтер. Төлөм кабыл алуучу – Кара-Суу шаары, ОАО РСК Банк, Кара-Суу райондук Р-с 4407042200001884, ОКПО 440704. ИНН 00206200610043. БИК 440001.
4. Сынакка катышуу тууралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен; белгилей кетүүчү нерсе, Кара-Суу шаардык мэриясы аталган обьектти (лот) конкурска белгиленген күнгө үч күн калганда сынакты алып салууга укуктуу.

**Көңүл буруңуздар!**

Сынакка баардык юридикалык жана физикалык жактар, алардын ичинде сынак өткөрүүгө 3 (үч) күн калганда конкурска катышуу тууралуу арыз берген жактар гана катыша алат. Сынакка катышууну каалагандар өздөрүнүн өкүлдөрү (ишенген жактары) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн.

Сынакка катышуучулар кошумча маалымат алуу үчүн +996998656540 телефондору же Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суу шаарынын мэриясына кайрылса болот.

## Акционерлер чогулушу

"Карасусельхозтехника" АК 2025-жылдын 15-мартында саат 11-00дө акционерлердин жылдык жалпы чогулушун өткөрүү жөнүндө жарыялайт. Дареги: Кара-Суу шаары. Культурная көчөсү-29

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо
2. 2024-жылдын финансы-чарбалык ишмердүүлүк жөнүндө отчету. Балансты, киреше-чыгашалардын эсебин бекитүү
3. Кирешени бөлүштүрүү тартиби
4. Текшерүү комиссиясынын отчету жана аудитордун жыйынтыгы
5. 2025-жылдын бюджетин бекитүү
6. Текшерүү комиссиясынын мүчөлө үн шайлоо

### XXX

АО "Карасусельхозтехника" обьявляет о проведении общего годового собрания акционеров, которое состоится 15-марта 2025 года в 11-00 часов по адресу: г. Карасу ул. Культурная-29

Повестка дня:

1. Избрание состава счетной комиссии
2. Отчет о финансово хозяйственной деятельности за 2024 г. Утверждение бухгалтерского баланса
3. Порядок распределение прибыли
4. Отчет ревизионной комиссии и заключение аудиторской проверки
5. Утверждение годового бюджета на 2025 г.
6. Выборы ревизионной комиссии

## Сынак

Ала-Тоо айыл өкмөтүнө караштуу мамлекеттик фондунун айыл чарба жерлерине караштуу көп жылдык бак-дарактар (тыт бак) жерлерин ижарага берүү боюнча конкурс өткөрүшөт. Айыл аймагындагы: Ак-Таш айылынын 10,38 га. Жылкелди айылынан 9,20 га. Беш-Үй участкасынан 11, 42 га. Кашкар-Кыштак айылынан 1,90 га. Жар-Ооз айылынан 3,0 га. жерлери коюлат. Сынак жарыя гезитке чыккан күндөн бир айдан кийин айыл аймагынын маданият үйлөрүндө өткөрүлөт. Сурап билүү тел: 0-558-68-08-11

## Жараксыз деп табылсын.

Ош шаарындагы №16 Кесиптик Лицейи тарабынан Жороева Садат Абдималиковнага 2001-жылы "тигүүчү" адистиги боюнча берилген дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ХХХ

10.08.2020-жылы МКК 212011 тарабынан Мырзаибраимова Гүлзина Шадыбековнага берилген ИНН 11205198400471 сандуу паспорту жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ХХХ

Мавланкулов Муродилжанга таандык жеке номери 21404197300506 болгон "B", "C" категориясындагы айдоочулук күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### ХХХ

2024-жылы Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы тарабынан Тагаева Жазгүл Токтосуновнага берилген каттоо № 4495 диплом номери СД 040180361 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Ххх

Жаңы-Алай айыл өкмөтүнүн " Жаңы-Алай тазалык" муниципалдык ишганасынын мөөрү (печаты) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Считать не действительным.

В связи с утерей бланки для разрещения грузоперевозок (дозвол) ИП Э. Каландар уулу.

1. 3-х стран №3981 считать не действительным.

## Сынак

Ош областынын Кара-Суу районуна караштуу Отуз-Адыр айыл аймагынын Кызыл-Абад айылынын Ак-Жар участкасынан муниципалдык менчиктеги 4,50 га. жер аянты өндүрүш үчүн сынак аркылуу ижарага берилет. Сынак 2025-жылдын 24-мартында Отуз-Адыр айыл өкмөтүнүн кеңсесинде саат 14-30 да болуп өтөт. Байланыш ном: 0-224-04-04-78, 0-552-30-30-47.

# Айтылуу Ноокат шаары өнүгүү жолунда

**"Жаш келсе ишке" демекчи, Ноокат шаарына Эгенали уулу Бекболот мэр болуп кызматка келгенине экинчи жылдын жүзү болуп баратат. Шаардын тазалыгын сактап, жол боюндагы соода-сатык жасагандарды ирээтке келтирди, тротуарларды салды.**

Эртең мененки жумушун шаарды аралап, жамааты менен биргеликте рейд жүргүзүү ишинен баштайт. Андан соң, жумуш бөлмөсүнө барып, шаардын тургундарынын көйгөйлөрүн угуп, оң жагына чечип берүүгө аракеттенет. Келечекте, Ноокат шаарын жашылдандырууга, тазалыкты сактоого, жолдорду кеңейтүүгө жана башка көйгөйлүү маселелерди чечүүгө өзүмдүн үлүшүмдү кошом дейт Бекболот мырза.

Азыркы учурда КР Президенти С. Жапаровдун чыгарган жарлыктарын колдоп, жамааты менен биргеликте иш алып барышууда. Ноокат шаарынын мэриясында өз кесибин мыкты билген жалындуу жаштардын жамааты, ынтымактуулукта жана достукта эмгектенишет.



Ноокат шаарынын мэри Эгенали уулу Бекболот.

Өткөн жылды кандай жыйынтыкташканы жөнүндө Ноокат шаарынын мэри Эгеналы уулу Бекболоттон сураганыбызда төмөндөгүлөрдү айтып берди. Ноокат шаары 2024-жылга карата жергиликтүү бюджеттен бекитилген бюджети 89 млн. 510 миң сом болсо иш жүзүндө аткарылганы 90 млн. 302 миң 400 сомду түздү. Планды 100,8 %га аткарышты. Ал эми Ноокат шаарынын инфратүзүмүн жакшыртуу үчүн бир топ алгылыктуу иштер аткарылды. Атай кетсек Ноокат шаарындагы Н. Исанов атындагы сейил багында жайгашкан "Өчпөс от" мемориалдык аллеясын реконструкциялоо иштери аткарылды. Муниципалдык менчик департаментинин кызматкерлери тарабынан Ноокат шаарынын А. Абдыраимов көчөсүндөгү тратуарды бойлой көчөттөр тигилип, Ленин көчөсүндөгү 2 скверди көрктөндүрүү, жашылдандыруу максатында декоративдүү көчөттөр отургузулду. Ноокат шаарынын М. Эргешов көчөсүндө кызыл сызыкка чыккан узундугу 15 метр болгон 2 обьектин курулушу буздурулуп, жөө жүргүнчүлөр үчүн тоскоолдук жараткан тосмолор алынып салынды. Андан сырткары Ноокат шаарынын ички көчөлөрүндөгү бузулуп, чуңкурчаларга айланган жерлер ондоп-түзөөдөн өткөрүлдү. Айрыкча, Ленин,С. Алимбаев, Абдыраимов, Лутфуллаев, М.Эргешов көчөлөрүндө жасалып, пландык жумуштар аткарылды. Ошондой эле Бостон кварталында жайгашкан Ынтымак негизги мектебине сметалык баасы 1 790 000 сомду түзгөн спорт аянтчасынын курулушу аяктап, пайдаланууга тапшырылды.





Жыл башында мерчемделген иш-планга ылайык, Ноокат шаарынын М. Эргешов көчөсүндө кызыл сызыкка чыккан обьектилер бузулуп, 250 метрлик тратуарга асфальт бастырылды. КР Улуттук Коопсуздук Концепциясын ишке ашыруу максатында Ноокат шаарында коопсуздук чаралары күчөтүлүп, комплекстүү иштер алып барылды. Ноокат шарынын мэриясы жана Ноокат райондук ИИБнүн биргелешкен иш-планынын алкагында муниципалдык менчик департаменти тарабынан шаарда коопсуздук чаралары күчөтүлүп, заманбап видеобайкоо камералары орнотулуп, башкаруу, көзөмөл пункттары уюштурулду. Ноокат шаарынын мэриясынын кызматкерлери ашар жолу аркылуу А. Төлөнөв көчөсүндө жарандарга ыңгайсыздык жаратып жаткан бөлүгүнө латок, С. Алимбаев көчөсү менен кесилишкен жериндеги көпүрөгө плитка жаткырылып, жолдун жүрүүчү тилкеси кеңейтилди. Парктарды, спорттук курулмаларды жана эс алуучу жайларды куруп, бош убакытты туура пайдалануу үчүн шарттарды түзүү максатында Ноокат шаары мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаменти тарабынан КР Президентинин ПЖ№109 жарлыгынын алкагында мыйзамысыз өз билемдик менен курулган 16 гараж, 4 капиталдык курулуш, 21 жеңил типтеги конструкциялар, 1 таштанды полигону, 11 септик, 6 ажаткана сүрдүрүлүп, тазаланды. Алардын ордуна заманбап балдар ойноочу аянтчасын куруу иштери пландаштырылган. Ошондой эле шаар аймагындагы жалпы пайдалануудагы жерлерде мыйзамсыз өз билемдик менен курулган тосмолор, обьектилерден бошотуп, Ленин көчөсүндөгү №1 көп кабаттуу үйдүн алдын көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана тренажерлорду орнотуу жумуштары аткарылууда. №40 көп кабаттуу үйдүн алдына жашоочулардын суроо талабы боюнча жыл башында мерчемделген планга ылайык жергиликтүү бюджеттин эсебинен асфальт төшөлүп, мыйзамсыз курулуштар тазаланды. Ошондой эле Ноокат шаарынын борбордук базары да асфальттады. Базардагы менчик ээлерине сырткы көрнөк-жарнактар орнотулуп, сатуучулар жана сатып алуучуларга шарттар түзүлдү.



## Инвестиция тартышты

Ноокат шаарынын Н. Крупская орто мектебинин спорт аянтчасын реконструкциялоо, "Жаш күч" спорт клубун капиталдык оңдоп-түзөө менен заманбап спорт аянтчасын куруу боюнча ДСД даярдалып, үлүштүк дем берүүчү гранттан 6 млн. сом акча каражаты муниципалдык менчик департаменти тарабынан тартылды. Н.Исанов эс алуу багын ондоого, жаштар борборун курууга долбоордук сметалык документтери даярдалып, ПРООНдун эсебинен долбоор жактырылып, курулуш иштери башталды. Жалпысынан алганда Ноокат шаар аймагында 2024-жылга карата тартылган инвестиция 59780,3 миң сом болсо, 2023-жылга 9991,0 миң сом болсо, айырмасы 49789, 3 га аткарылды. Б. а. 598,3 %ды түздү.

## Кызыл сызык жана мыйзамсыз курулуштар

КР Президентинин "Жерлерди өзүм билемдик менен мыйзамсыз ээлеп алуу фактыларын алдын алуу жана болтурбоо боюнча чаралар жөнүндө" жарлыгы жана мыйзамсыз менчиктештирилип кеткен социалдык мекемелерге тиешелүү болгон жерлерди, имараттарды кайра кайтаруу боюнча бир топ тапшырмалар берилген. Шаар мэриясында атайын комиссия түзүлүп, Ноокат шаарынын аймагындагы саламаттыкты сактоо, билим берүү, маданият жана спорт уюмдарына тиешелүү мүлктөргө инвентаризация жүргүзүлүп, тиешелүү укуктук ырастоочу документтерди чогултуп, мыйзамсыз ижарага берүү, мыйзамсыз менчиктештирилген жер тилкелери боюнча жаңы табылган фактылар жөнүндө материалдарды берүү, сотко кайрадан өткөрүү үчүн материалдарды чогултууда мамлекеттик каттоо, кадастр, архитектура кызматтарынан, соттун чечими менен бирге берилген жерлер боюнча соттордон маалыматтарды алуу жүрүп жатат. Ноокат шаарынын борборундагы ооганчылар сквериндеги мыйзамсыз капиталдык жана жеңил типтеги курулуштар соттун чечими менен муниципалдык менчикке кайтарылып, баштапкы калыбына келтирилди. "Жаш күч" спорт залынын жер аянты, энелер эстелиги жайгашкан эски фонтандын ооргу дагы муниципалдык менчикке кайтарылды.

Ноокат шаарынын аймагында жер көчкүдөн, селден жана суу ташкындарынан келип чыгуучу өзгөчө кырдаалдардан алдын алуу, ыкчам чара көрүү, материалдык чыгымдарга жана адамдардын ден-соолугуна зыян келтирбөөгө, жол бербөө максатында Ноокат шаарынын мэриясынын алдындагы түзүмдүк бөлүмдөр менен биргеликте, иш-чаралардын планы бекитилген. Техникалардын жана жумушчулардын жардамы менен таштандыларды чыгарышты.

Ноокат шаарындагы мыйзамсыз көчө соодасы борбордук көчөлөрүндө мыйзамсыз өз билемдик менен соода кылган жарандарга карата күн сайын рейддер жүргүзүлүп турду. Мыйзамсыз соода кылган элүүгө жакын жарандарга атайын туруктуу орундуктар жеке жактар менен сүйлөшүлүп, шарттар түзүлүп берилди.

## Спорт жана маданият

Ноокат шаарынын мэриясы тарабынан 2024-жылдын ичинде 21 массалык маданий жана спорттук иш-чаралар өткөрүлдү. Шаардын мэринин колдоосу менен шаар аймагындагы 300 дөн ашуун жогорку класстын мектеп окуучуларына арналган чоң форматта Ноокат шаарындагы жаштардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатууда, билим сапатын көтөрүүдө, мугалимдерди сыйлоодо, адеп-ыйманга багытталган иш-чаралар болуп өттү. Бул иш-чарада КР Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы ПЖ №1 "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" жарлыгынын алкагында уюштурулду.

"Билерман ордо" интеллектуалдык теле оюнундагы команда капитаны, Б. Сыдыков атындагы кыргыз, өзбек эл аралык университетинин окутуучусу, "Интеллектуалдар" борборунун жетекчиси Сагынбек Маманов тренер катары жаштарга шыктандыруучу жолугушуу өткөрдү.

Ноокат шаарынын мэриясынын алдында түзүлгөн коомдук алдын алуу борбору жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында Ноокат райондук ИИБ менен биргеликте иш-чара өткөрүшүп, шаар аймагында жайгашкан А. Абдылаев атындагы орто мектебинин 8-11-классынын окуучуларын райондук ИИБ нө экскурсияга алып барышты. Аларга ар кандай кылмыштарга аралашып калуудан алыс болуу, кылмыштын кесепеттерин, "Кылмыш жана жаза" кодексинин аткарылышы жөнүндө Ноокат РИИБ кызматкерлери тарабынан түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Ноокат шаары мэриясы Ноокат райондук билим берүү бөлүмү, Ноокат райондук спорт мектеби менен биргеликте "Мектеп лигасы-2024" Ноокат району боюнча спорттун баскетбол түрүнөн спорттук мелдеш болуп өттү.

Мелдештин жеңүүчүлөрүнө шаардын мериясы тарабынан акчалай сыйлыктар, демөөрчүлөр тарабынан баалуу белектер берилди.

**Б. Ысакова.**